**УДК 821:801.81(575.2)(04)**

***Орозалиева Ж.М.***
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, доцент, филология илимдеринин кандидаты,*
*orozalieva00@mail.ru*

# «ХАН ТЕЙИШ» РОМАНЫНЫН ТАРЫХЫЙЛУУЛУГУ

***Корутунду.*** *Макалада А.Стамовдун «Хан Тейиш» романындагы реалдуу турмуштун көркөм чагылдырылышы анализге алынган. Чыгармадагы тарыхый окуялардын берилиши, тарыхый инсандарга карата портреттик, психологиялык сүрөтөөнүн көркөм иштелиши чечмеленет. Романдын сюжеттик өзөгүн түзгөн окуялардын тарыхыйлуулук негизин тарыхый маалыматтардын жана санжыранын жардамы аркасында аныктоо аракети ишке ашырылды. Чыгарманын сюжетиндеги окуялар, тарыхый инсандардын образдары тарыхый документтер менен салыштырылып иликтенет.*

***Негизги* сөздөр*:*** *тарыхыйлуулук, документализм, документтик маалыматтар, эскермелер, тарыхый факты, тарыхый доор, тарыхый чындык, тарыхый инсан.*

***Орозалиева Ж.М.***
*Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына, кандимдат филологических наук, доцент, orozalieva00@mail.ru*

# ИСТОРИЧНОСТЬ РОМАНА «ХАН ТЕЙИШ»

***Аннотация.*** *В статье анализируется художественное освещение реальной жизни в романе А.Стамова «Хан Тейиш». Представление исторических событий в произведении портретное, психологическое изображние исторических личностей. Историзм событий, составивших основную сюжетную линию романа, представляются с помощью историческим данным и генеалогии. Действия сюжета произведения, образы исторических личностей исследуются в соответствии с историческими документами.*

***Ключевые слова:*** *историзм, документализм, документальная информация, мемуары, исторические факты, историческая эпоха, историческая правда, историческая личность.*

***Orozalieva Zh.M.***
*Kyrgyz National University named after J.Balasagyn, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, orozalieva00@mail.ru*

# HISTORICITY OF THE NOVEL «KHAN TEYISH»

***Abstract.*** *The article analyzes the artistic coverage of real life in the novel «Khan Teyish» by A. Stamov. Representation of historical events in the work, portrait, psychological depiction of historical figures. The historicism of the events that made up the main storyline of the novel is*

*presented with the help of historical data and genealogy. The actions of the plot of the work, the images of historical figures are investigated in accordance with historical documents.*

***Key words:*** *historicism, documentalism, documentary information, memoirs, historical facts, historical epoch, historical truth, historical personality.*

Адабиятчы А.Садыков «Хан Тейиш» романынын тарыхыйлуулугу жөнүндө мындай деген көз карашын билдирген: «Мурда жазмасы жок, же ал анча өнүкпөгөн элде тарых оозеки санжыра түрүндө жашап келген. Алардын темалары көп түрдүү. Мисалы, уруу санжырасында өздөрүн көтөрмөлөө максатында кээде айрым оор учурларды жумшартып, же өзгөртүп айтуу аракеттери байкалат бирок, эл аралык, башкача айтканда, сырткы баскынчыларга каршы согуш темасындагы санжыраларда андай бурмалоого жол коюлбайт. Ошон үчүн калмак-кыргыз мамилесине байланышкан санжыранын көпчүлүк бөлүгү чыныгы тарых экендигине күмөн саноого болбойт. Азыркы замандын тарыхчылары өздөрүнүн изилдөөлөрүн ошол санжырага таянуу менен бирге аларды илимий булактарга айкалыштырууга аракеттенишет. Мына ушул санжыра-тарых «Хан Тейиш» романынын жазылышына негиз болуп берген. Муну менен катар автор көптөгөн илимий булактарды окуган жана аларды оозеки тарых менен катар коюп, көркөм изилдөө жумуштарын жүргүзгөн, жыйырма жылдан ашык маалымат топтогон. Бул чыгарма жазууда жазуучуга санжыра, тарых чоң жардам берген. А.Стамов өзү да чогуу иштешкен адамдардын айтуусунда, куйма кулак болгон экен. Санжыра-тарых революцияга чейинки мезгилдегидей өзүнүн кайра жаралуу, башкача айтканда, ренесанс доорун баштан кечирип жатат, анткени совет мезгилинде улуу санжыралары элдин биримдигине доо кетирет деген мааниде көп пропагандаланбай, аны тарыхчы-окумуштуулардын тар чөйрөсү гана өздөрүнүн изилдөө иштеринде үзүл-кесил пайдаланып жүрүшкөн. Көрсө өз мезгили үчүн бул деле туура саясат экен. Айрыкча бугу менен сарбагыштын чабышы сыяктуу уруу тартыштардын чагылдырган санжыралар элдин биримдигине доо кетирери шексиз эле. Азыркы кезде бул сыяктуу негативдуу санжыраларды артка сүрүп, «Хан Тейиште» сүрөттөлгөн сыяктуу кыргыз калкынын сырткы басып алуучуларга каршы күрөштө жалпы оң, сол кыргыздарынын бирдиктүү аракеттерин баяндаган патриоттук мазмундагы санжыраларды пайдаланып жатышы, албетте жакшы жөрөлгө. Мухтар Ауэзов «Абай Жолу» роман-эпопеясын жазуудагы максаты туралуу сөз кылып мында ал улуу Абайдын көркөм образын жаратуу аркылуу анын оюунун, тилегинин, аракетинин бүгүнкү күн менен кандай байланышы бар экендигин көрсөткүсү келгендигин белгилейт. Ошол сыңары эле «Хан Тейиш» кыргыз калкы көп кылымдар бою өздөрүнүн эркиндигин, көз каранды эместиги үчүн күрөшүп келген аракети ишке ашып, азыр, суверендүү мамлекет катары бүткүл дүйнөгө тааанылып жаткандыгын тастыктайт. [1: 2012, 206-207-б]. Анткени жазуучу тархтын негизинде жазганын, жыйырма жылдан ашык материал топтоп, санжыра жана башка тарыхый чыгармаларды окуп, андан таасир алганын Асанбек Стамов өзү баса белгилеп кеткен [2: 2009].

«Хан Тейиште мындан төрт жүз жыл чамасындагы тарых жөнүндө сөз болуп жаткандан кийин, кыргыз деген этностун кайдан чыккандыгына бираз үстүртөдөн болсо да кайрылууга туура келет. «Кыргыз» этнонимин чечмелөөдө элдик вариант (элдик этимология) менен илимий вариант бири-биринен кескин айырмаланат. «Кыргыз» аталышын элдик чечмелөө аракеттери көбүнчө уламыш түрүндө кездешет. Элдик вариант бул этнонимди

«кырк» деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан тараган урпактар), же «кырк» сан жана «огуз» этнонимине (кырк огуз бирикмеси), айрым учурда «кыр» сөзү жана огуз этнонимине (кырдагы т.а. тоолуу аймактардагы огуздар) болуп түшүндүрүү менен мүнөздөлөт. Окумуштуулар лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен «кыргыз» этнонимин ар кыл бөлүктөргө ажыратып түшүндүрүүгө аракет жасашат. Анын айрым варианттары: 1. «кырк» жана «йус» (кырк жуз), 2. «кырк» жана «эр» (кырк киши), «кыра» жана «гыз» (кара чачтуу эл) ж.б. [3:2007,24]. Ошентип кыргыз элинин калыптануусу жана ошол калыптануу процессинин динамикасы романда эл турмушу жана образдарда, диалогдордо баса белгиленип жүрүп олтурулат.

Ал эми С.Закировдун «Кыргыз санжырасы» аттуу китебинде, (С Закиров «Кыргыз санжырасы» Б.: 1996). Уруу бөлүнүштөрүн берген, бул боюнча романда да айтылып жалпысынан алганда чыгарма тарыхый булактан алыс эместигин кабарлап турат [4: 1996, 84-87].

Ал эми тарыхчы К.Сыдыкованын «Кыргыз тарыхы» [5: 2011 513-545] деген китебинде кыргыз деген этнонимдин чыгышынан баштап, бүгүнкү күндөгү кыргыздардын уруулары толук жана так түшүрүлгөнүн байкасак бөлөт. Китепте калмак жана кыргыз элинин 17-18-кылымдагы маанилүү окуялары жана хандары, баатырлары жөнүндө кеңири маалыматтар берилген. Анда 1635-1758-жылдары кыргыздардын калмактарга каршы күрөшү болуп өткөндүгү жөнүндө да берилген. Бул жагынан карасак чындыгында эле чыгармада да тарых менен мезгилдери боюнча дал келүүнү байкайбыз. 1631-1652-ж. Алтын Хандар Хара Хула башчылык кылган Жунгар ойроттору менен (Шолой Уйбаши өлгүчө) тынымсыз согушкан. Анын улуу баласы Омбо Эрдене, небереси Лубсан анын ишин уланткан. 1696-жылы Лубсан Цинь императорунун Жунгар ойротторуна каршы журушуно жол баштап келип ошерде өлгөн. Галдан Церен (Ажаан Эрен) да башка манкул кандарына карата согушкан Ойрот каны. Ал бүт манкулдарды бириктирүү үчүн күрөшкөн Хара Хуланын небереси, Батурдун уулу. Тибеттеги Далай Лаамадан тарбия алган деп берилет. Ошондой эле Көкүм Бий жөнүндө: Тагай бийдин (16-кылым) тушунда Теңир Тоолук кыргыздар өз алдынча мамлекет түзүүгө аракеттенген. Тагай бийдин Муханбет Кыргыз деген лакап аты бар. Санжыра боюнча Көкүм бийдин чоң атасы Жанкорөз Тагай Бийди (монгол каны Сейит Кашкарга алып барып ак үйлүү кылганда) ак үйлүүдө турганда никелеп алган аялы Зулайкадан төрөлгөн. Жанкорөз чоңойгондо атасын Кочкор өрөөнүнөн табат. Тагайдын уулу Карачоро, анын экинчи аялынан Багыш, Багыштан Көкүм, Көкүмдүн Бешим, Куржу, Кабай, Жанбий деген бир туугандары болгон. Булар багыш уруусунун негизин түзөт. Көкүм Багыш уулу болжолдуу 1620-1626-жылдары түштүк кыргыздарынын улугу, саясий ишмери болгон. Манап бий менен Көкүм бий замандаш (бул боюнча да «Хан Тейиш» романынын 1-бөлүмүндө кеңири баяндалган). Ал Ферганалык кыргыздардын башчысы катары абройлуу, жетик саясатчы эле. Ал Ташкен, Самарканды бийлеген катагандын кан Турсуну менен мамиле түзгөн. Көкүм бий казак-кыргыз биримдигин түзүүдө жана Эр Эшимди кан көтөрүүдө жигердүү чоң салым кошкон. 17-кылымдын башында ал Эшим кандын эң ишенимдүү вазири болуп Ташкен шаарын бийлеген. Ташкен ал кезде 12 капкага бөлүнүп алты капкасын кыргыздар бийлесе, алты капкасын казактын Төлө бийи бийлеген. Шаардагы кыргыздардын көбү багыш, казактын көбү жаныш уруусунан экен. «Казакта жаныш көп, кыргызда багыш көп» деген лакап ошондон калган. Көкүм Ташкенде элдин ынтымагы,

улуттардын биримдиги үчүн катуу аракеттенген. Ташкендеги кыргыздар, казактар кыштын күнү толук шаарда кыштаганы менен жаз, жай шаарды бош калтырып тоолорго, жайлоолорго көчүп кетишкен. Күздө шаарга түшүп мал сатышкан. Ташкенде кыргыздарга үй салыш үчүн курулуш материалдарын берип, отурукташтырган.

Дыйканчылык кылган кыргыз-казактан салык алган эмес. Көкүм бий Ташкенге бир нече тегирмен, май сыгуучу ишкана, көпүрө, медреселерди салдырган, шаарды башкаруу үчүн көптөгөн жоболорду чыгарган. Бул закон эл ичинде «Көкүмдун көктөмөсү» деген ат менен белгилүү. Көкүмдүн саясий таасири өтө жогорулап, кадыр-баркы көтөрүлгөнүн көрө албаган Ташкендеги казактын жаныш уруусунун улугу Карабайтик ага уу бердирип өлтүрөт. Көкүмдун сөөгү Ташкен шаарынын четине коюулуп, Эшим кандын буйругу менен чоң күмбөз салынган. Төбөсү көк менен сырдалгандыктан «Көкүмдун көк күмбөзү» деп аталып азыркыга чейин бар. 1928-жылы Оштун Аксысынан Чыныбай болуш ал күмбөздү бир сыйра оңдогон. Көк түс – Теңир түсү. Көкүм өлгөндө балдары жаш болгондуктан «чиелер» уругу аталат. Көкүмдөн кийин 1645-жылы Эшим кан өлөт. Кандык так үчүн күрөш болот. Ошондо анын ордуна Көкүм бийдин уулу Тейишти кан көтөрүшөт, ага Карабайтик аталык болот. Кийин Карабайтиктин кылмышынын чети ачылып, Ташкендин четиндеги бетегелүү Кой-Таш деген жерине казак-кыргыз кырылышып, кыргыздар жеңет. Ушул чабыштан кийин казактар Ташкен шаарын таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Тейиш кандын тушунда Кыргызстандын түштүгүндөгү уруулардын ынтымагы бекемделген. Алар калмактардын мизин кайтарып турушкан. Ата-Мекенин душмандан коргоодо багыш уруусунан Ак Кочкор, Каңкы, Чөбөтөй, Семетей баатырлардын аты чыккан. «КанТейиш, Аккочкор, Каңкы» деген күүлөр ушундан улам жаралган. Азыр багыштар Аксыда, Намангандын Чартак, Жаңы Көгөндөгү Аруу Багыш кыштагында жана башка жерлерде бар. 2002-жылы казак-өзбек чек арасын такташып чырлашканда, Ташкен областындагы бир кыштак багыштар: Бизди Казакстанга өткөргүлө, болбосо «Багыш республикасы» деп өзүбүзчү республика болобуз» деп жарыялашкан. Ушу багыштар Көкүм бийди аркалап калып калгандар [6:2003]. Дагы бир тарыхый маалыматтар боюнча Көкүм бий 17-кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыздын көрүнүктүү саясий ишмеринин бири болгон жана жалпы бийликти кармап турган чоң бийдин милдетин аткарган. Ал жалпы саясий башкарууну колго алып, чарбалык маселелерди жөнгө салуу менен учуру келгенде жалпы аскердик жетекчилик милдетти да аткарган. Тагай конфедерациясындагы уруулардын саясий биримдигинин чыңалышында жана көчмөн мамлекеттин ар тараптан бекемделишинде Көкүм бий чоң кызмат өтөгөн [«Кыргыздар»- сегизинчи том, 92-б]. Бул маалыматтар менен чыгармадагы сүрөттөлгөнтобраз дал келет. Ал эми Көкүм бийдин жалгыз уулу Тейиш жөнүндө маалыматтар тарых беттеринде аз санда гана кезигет, жалпысынан санжыра китептерде көп учурайт. Мисалы, С.Закировдун «Кыргыз санжырасы» [4: 1996, 90-91] деген эмгегинде, Кой Ташта өткөн кыргыз-казак чабышында казак ханы кара Байтик өлөт. Кыргыздардан Тейиштин уулу Аккочкор, Каңкы өлөт. Аксыда турган Тейишке Аккочкор өлдү деп кабар барат.

Ал: - Аккочкор өлсө Каңкым бар,-дейт. -

Каңкын да өлдү дегенде: - Каңкым өлсө кантейин, Хан Тейиш деген даңкым бар, - деп көзүнө жаш алган эмес. Кийин «Хан Тейиш» деген темир комуз күүсү чыгат. Эки эл алсыраганда, мына ушундан пайдаланып калмактар каптап кирип, казак-кыргызды катуу чабат. Кыргыздар: Иле, Ысык-Көл, Чүйдөн ооп: Ысар, Гөлөпкө кире качат. Казактар ачтан

кырылат. Казактар ачтан өлбөйлүк деп кайындын согун (манызын) ичишкен. Ошондо эл арасында: «Кыргыз ысар киргени, казак кайын сааганы», - деген сөз калат. Ал эми «Хан Тейиш» романында Акочкор, Каңкы казак-кыргыз согушунан эмес, селдей каптаган калмак жоо менен согушта баатырларча курман болушат. Бул маалыматты тарых да күбөлөйт. Алсак. К.Сыдыкованын «Кыргыз тарыхы» китебинде Тейиш уулдары Аккочкор жана Каңкы менен калмактарга каршы согушта курман болгон деген маалыматтар бар [5: 2011]. Ошол учурда чыгарманын санжырага карама-каршы келген жери бул, Тейиш хан тескерисинче казак эли менен достук мамилени чыңдап, кызы Ширинди Тоокенин уулу Абылайга турмушка берип, ынтымакты бекемдеген. Неси болсо да Хан Тейиш акылман Ажо катары тарыхта калган түбөлүк үлгү фигуралардын бири.

Олуя акын Нурмолдо айткандай түрк баласынын эң талуу жери – бейынтымак, бейтартип, бытырандылык. Ал эми анын антиподу Калмак державасы – аз, бирок саз, түйүлгөн муштумдай бирдиктүү, ителгидей ыкчам, чыныгы согуш, талоон, каракчылык үчүн түзүлгөн мамлекет болгон. Анын үстүнө байыркы Көкө Теңир ишениминен тайып, ламаизм-буддизм динине өтүп кетиши да неофиттер катары калмак согушчандарынын поссионардуулугун күчөткөн. Темирдей тартип, жалаң согуш, жалаң басып алууга негизделген «согуштук коммунизм» саясаты-жунгар-Ойрот мамлекетин эки кылым ашуун Азия мейкиндигиндеги каратажаал зомбулугун көтөрүп-көкөлөткөн шарттардын эң башкысы [7:2010] болгон.

Эгемендүүлүккө жетишибиз менен Кыргызстандын тарыхын обьектилүү так чагылдыруу, аны калкка кеңири пропагандалоо, изилдеп толуктоо үчүн толук мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Убагында бир беткей жамандалып, унутта калган далай тарыхый инсандардын аттары аталып, эл үчүн жасаган иштери чыныгы баасын ала баштады. Ошолордун ичинен чыгармадагы маанилүү каармандардын бири Манап бий жөнүндөгү тарыхый фактыларга таянсак. Тарыхчы-этнограф окумуштуулар санжырада санжырада айтылган маалыматтарга таянып, Манап бий болжол менен 1595-жылы туулган деп эсептешет. Манап бий жөнүндө К.Сыдыкованын «Кыргыз тарыхы» деген китебинде: Дөөлөс баатырдан: Токо, Жантай, Элчибек, Манап болуп кетет. («Кыргыз Санжарысы» китебинде да ушундай берилет [Кыргыздар – сегизинчи том.69-б.]) Дөөлөстүн Асылкан, Меншек, Көкмончок деген аялдары болгон. Асылкан энеден Манап (Манат) туулган. Дөөлөс өлгөндөн кийин анын бийлиги, көк асабасы, ак оргоо, жоо жарагы, карагер тулпары мураска калат. Манап бий 16-кылымдын аягында жаңы калыптанган өзбек төбөлдөрүнүн жана калмак баскынчылыгынан сактануу үчүн казактар менен ымалалашат. Көкүм бий баштаган анжияндык кыргыздар менен Манап Эшимди кыргыз-казакка кан көтөрүшөт. Кан ордосу Ташкен болгон. Үчкө бөлүнүп бирине кыргыз, экинчи бөлүгүнө казактар, үчүнчү бөлүгүнө өзбектер жайгашкан. Кийин кыргыз-казак өзбектерди шаардан суруп чыгарган. Эшим кан Көкүм бийди Ташкендин улугу кылса, Манап бийге түндүк кыргыздарды бийлеткен. 1934-жылы жазылгын Б.Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» боюнча: Манап бий Эр Эшимдин кол башчысы болуп, кыргыз-казактын калмактарга каршы колун жетектеген [8:1993. -107-б.]. Ошондой эле окумуштуулар Манап бийдин ысымына байланыштуу маселеге да токтолушкан. Бул боюнча Манап төрөлгөндө, Дөөлөс чоң той берип, баланы ошол кезде өтө аздектелген манат чүпүрөккө ороп бешике бөлөшөт. Баланы көргөнү келген байбичелер ал оролгон манатка көңүл бурушуп, баланын аты Манат болсун дешет. Кийин Манат деген сөз

Манап болуп өзгөрүп айтылып калган деген пикир Д.Жамагуловдун «Манап» термини жөнүндө» деген макаласында айтылат [9:1991, 61-68]. Дагы бир санжырада Асылкан (Жезбийке) Мухаммед пайгамбарыбыздын тукумунан болгондуктан, өз баласын арабдардын курайш уруусунун ислам дини пайда болгонго чейинки байыркы кудайы (идолу) Манафтын урматына Манаф (Манап) деп атаган пикир айтылат. Кандай болсо да Манап бир туугандарынын ичинен өтө сыймыктуу оорунду ээлеген. Анткени, Дөөлөстүн мандайында күйгөн жылдызы Манапка өткөн деп айтылат санжырада [10:1995-29]. «Хан Тейиш» романында Манап бийдин образы өтө маанилүү образ катары сүрөттөлөт. Жогорудагы Манаптын атын Манафтын урматына койгон, анткени Асылкан пайгамбардын тукумунан деген маалыматка көбүрөөк таянып, жазуучу А.Стамов Манап бийди пайгамбар сындуу деп сүрөттөгөнү бекеринен болбосо керек. Тарыхчылар Манап бийди кыргыз-казак союузун түзгөн алгачкы саясий ишмер катары баалап, окуу куралдарына жана окуу китептерине киргизишкен [11: 2000, 2012]

«… өлүмдөн элдин намысын жогору койгон Манап бий улгайган чагына карабай, кол баштап, өзүнүн сан жагынан эки-үч эсе артыкчылык кылган баскынчы душмандар менен бетме-бет салгылашкан. Мына ошондой согуштардын биринде, келген далай душманды кылыч менен чаап сулаткан Манап бий оор жарадар болуп, уулу Жарбан баатырдын колунда жан берген» – деп жазат санжырачы Аман Алымкул уулу өзүнүн «Жарбандардын санжырасы» деп аталган колжазмасында [12:№156]. Ошондой тарыхта Манап бийдин тукумдары элдин оозуна алынган, элдик адам болгондору айтылат.

Ошондой эле тарыхта 17-кылымда жашап өткөн Сансыз сынчы тууралуу да «Хан Тейиш» романында элестүү образ ачылып берилген. Романында Санчы сынчынын образы камтылган бир нече окуялар чагылдырылган, өзгөчө адамды бир карап туруп сынай билген сезгич адам катары көрөгөчтүгү даңазаланган. Сансыз сынчы Чаа батырды, Манап бийди жана алардын тукумдарын ошондой эле Эр Эшимдин Шарпкула аттуу күлүгүн бир карап сындап берген экен. Ал айткандай туура келген, өтө кыраакы баамчыл адам болгон. Солто уруусунан чыккан. Ал эми тарыхка кайрылсак Сансыз сынчы Сарыбагыш Сары Сейиттин уулу Кудаян кандын тушунда жашаган. С.М.Амбрамзон боюнча: Кудаян кан 1635-36 жылдары Кара Тегин, Гиссарга жортуул жасаган. Менимче жортуул мындан 15-20 жылдан кийин болгон. Санжырада Сансыз сынчынын чоң атасы Көчөк, Көкүн бий, Карачориндин бир тууганы. Тарыхта Көкүн бий казах хандары Тоокенин, Эшимкандын тушуна жашаган (1598-1645 ж). Сансыз сынчы көргөн билгенин тартынбай, тайманбай жорго сөз менен айткан талант болгонн экен. Баамчыл, кылдаттыгынан эл аны машаяк аташкан. Үчүкө, Түлкү Нойгут ханы Жаңылмырзаны алабыз деп барып өлгөндө, агаларынын ордуна Кудаян хан болуп калат. Ал – зордукчу, зөөкүр, өзүм билемдиги менен аты чыккан хан болгон. Сансыз сынчыга Кудаян болбой атып, өзүн сынатат. Сынчы: «бүтүн буюмду бүлдүргөн бүлүк каман деп сизди айтат. Көзүнө көрүнгөндүн баарын тоноп-бутап соо койбодуң. Сенин заманында эл мүңкүрөп, ач жылаңач мусапыр көбөйдү. Мунун кээри кийин чыгып, түбүң жакшы болбойт, элиң өз жеринен сурулуп, өзүн ач бел, куу чөлдө калып, бутуң чөп алачыктан чыгып өлөсүн, артында тоголок, жумалак деген жөнсүз тукум калат» – дейт. Анын айтканы айтканындай келет. Кийин калмак кол салып «Казак кайың саап, кыргыз Ысар (Гисар) кире качып» эл зор кордукту көрөт. Кудаян ач белде өлүп, өлүгү көмүлбөй калат. Андан Сарыбагышта Тоголок деген урук калат. Сансыз Сынчы өзү «Уруум багыш, урааным

Жанкороз, уругум Келдике» дечү экен [5: 2011, 521]. Сансыз уруу башчынын балдарын, өзүн сынап келечегин айткан. Мыкты тукум калчу аялдарды эл ичинен тандаган. М: Сарыбагыш Болот бийге Таалаке таркылдакты алып берип, кийин анын тукумунан бай-манаптар чыкканы айтылат. «Хан Тейиш» романында да бул эпизод кездешет жана чыгарманын бийиктик деңгээлин андан-ары жогорулатып турат.

Тарыхый булактарга караганда 17-кылымдын башталышында калмактардын кыргыз жана казактар менен мамилелери бир калыпта болгон эмес, алардын ортосундагы кагылышуулар убактылуу союздаш болуу менен алмашылып турган. Эми ушул элдердин ортосундагы саясий мамилелерге токтолсом, тарых беттеринде калмак феодалдарынын кыргыз менен казактарга каршы биринчи ири жортуулу (1635-ж. Жунгар хандыгы түзүлгөндөн бери) 1643-жылы жазында болгон. Ага түздөн-түз халкастын Алтын ханы жана калмактардын бир бөлүгүнүн жетекчиси Хо-Урлюктун жоокерлери катышкан. Калмактардын кыргыздарга карата экинчи жортуулу жөнүндө ойроттордун көрүнүктүү диний ишмери Зая-Пандиттин өмүр баянынын автору Сакбон-Раднабатор маалымдап: «Ошол кышта 1652-жылы Цезен хан кыргыздарды багындырып келди» – деген маалымат берген. [13:1998,192] Негизинен, 15-кылымда ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн. 16-кылымдын аяк ченинде ойроттор күчөп, (тыргоот, дербот, хошут, чоростордон турган) «Дорбон ойрот» («төрт ойрот») союузун түзүшкөн. Мына ушул күчтүү мамлекет Кыргызстанга кайра-кайра талоончулук жоортуулдарды уюштуруп турган. Алгач бул чабыштарда кыргыздын колун Дөөлөс баатыр жетектеген. 17-кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз-казак ханы Эр Эшимдин тушунда кыргыздар менен казактардын ынтымагы күчөп, баскынчыларга каршы биргелешип күрөшкөн. Бул мезгилде кыргыз-казактын биримдигин чындап, душмандарга сокку урууда кыргыз-казак ханы Эр Эшим, арка кыргыздарынын улугу Манап бий, Көкүм бий, Жарбан баатыр, Түгөл бий, Чаа жана башкалар көп күч жумшашкан. Кыргыз-казактын биргелешкен соккусунан улам калмактар Сибирге чегинүүгө аргасыз болушкан. Бирок кайрадан 1635-жылы ойрот-калмактардын кубаттуу мамлекети болгон Жунгар хандыгы түзүлөт. Чачкынды ойрот уруулары Эрдени Батур контайшынын бийлиги алдында биригип, 1643-жылы алардын жер жайнаган аскери (50 миң) кыргыз-казактын жерине басып киришкен. Кийинки 1644-жылга чейин созулган бул салгылашта, кыргыз-казак калкы жан аябай согушушкан. 1643-жылы Калмактар Ташкенге сыр дарыянын ортоңку агымына чейин жортуул жасаган. 1640-жылы Казакка саруу Эшимдин уулу Жангири (Салкам) хан болгон. Элүү миң колу менен келген калмактардын баатыр контайчысын Жангир хан кыргыздардын миңге жетпеген колу менен талкалап, жеңишке жетет [5:2011,517]. 1643-44 жылы Тыргоот Очирту Четен хан калмак баскынчылары Ысык-Көл, Чүй, Суусамыр, Нарын, Таласты чаап, кыргызды кырган, качып кутулганы Ферганага, Гуляб өрөөнүнө качкан. Калмактар мезгил мезгили менен Ферганаlittleны чаап талап турушчу. Кийин Кыргыз каяшаны катуу көргөзгөндө калмактар Маньчжурияга качкан. Кыргыз калмактан көп жерлерди бошоткон. 1652-жылы кыргыздарга ойроттор, торгауттар чабуул жасагандыктан кыргыздар менен биригип казактан Шапырашынын беш миң колу менен Карасай баатыры согушкан. Батур контайши сибирьдеги жана теңир тоодогу Кыргыздарга баскынчы жортуулун тез-тез жасаган, 1635-1643-1652-жылдары Батур кыргыз казакка үч жолу жортуу уюштурган. Кыргыздардын айрым жерлерин чаап алган менен бийлигин биротоло орното албаган. 1653-жылы Батур контайши өлөт. Жунгар

кандыгындагы бийлик талашуулардан пайдаланып Аштаркандар «мангыттар» 1658-жылы жортуул кылган. Талас аркылуу өткөн мангыттардын аскер башчысы Абдушүкүргө кыргыздар менен казактар өзбектер кошулган. Бул согушта Абдышүкүр өлүп колу артка кайткан [14:1993]. Контайшы Галдан Бошоктунун (1670-1697-жж) тушунда калмак феодалдары кыргыз-казак журтуна бир нече жолу кол салат. 1678-жылы ал Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды каратып алууга аракеттенет. 1680-жылы Жаркентти каратат. 1681-1683-жылдары Чымкент шаарын камап бирок ала алган эмес. 1644-жылдан тарта калмактар өз көз карандысыздыгын коргоо астында Кытайлар менен кармашат. 1723-жылы Ысык-Көлдүн чыгыш тарабын Цеван Рабдан каратып алган. Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы чоң согуш 1748-1749-жылдарга туура келет. Ал согушту негизинен Кашкарлык кыргыздардын жүргүзгөнү белгилүү. 1749-жылы калмактар кыргыздарга 27 миң аскерин жиберген. Жортуул үч айга созулуп, кайрадан баскынчылардын жеңилүүсү менен аяктаган. Бул ири жеңиштер кыргыз-калмак мамилелеринин бурулуш мезгили, же тагыраак айтканда Ата Журтту баскынчылардан толук бошотуунун башталышы эле.

Хандыктагы ич ара саясий ынтымактын бузулушу, ошондой эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын, т.а. кыргыз, казак, өзбектердин көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жунгар мамлекетинин алын кетирип салган. Бул мезгилде калмактарга каршы кыргыздардын күрөшүнүн башында Маматкул, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Бердике, Туубий, Каработо жана башкалар турган. Ушул чабышта кыргыз-казак калмактарды Балкаш көлүнүн үстүндөгү Анархайга чейин сүрүп барышкан. Мунарык каптаган боз адырлуу чөл, ысык мээден өтүп калмактардын айласын кетирип биротоло жеңилүүгө аргасыз кылган. «Бирөө өлмөйүнчө, экинчи кишиге күн тийбейт» дегендей, калмак мамлекети кыйрамайынча, казак-кыргыз элине эркиндик келмек эмес. Бул тарыхый да көркөм да чындык катары чыгарманын негизин түзүп турат.

Эми ошол 16-18-кылымдагы кыргыздардын саясий түзүлүшү, социалдык мамилелери, чарбасы, соодасы жөнүндө тарых беттеринен сөз кылсак. «Кыргыздардын эң байыркы мезгилдерден 19-кылымдын соңуна чейинки тарыхы» деген эмгекте, [13:1998,148-205] – Кыргыздардын 16-18-кылымдардагы социалдык-экономикалык мамилелери жана коомдук саясий түзүлүшү Кыргызстардын орто кылымдардагы тарыхнаамасында алиге чейин бир кыйла аз изилденген маселе болуп эсептелет. Бул биринчи иретте тарыхый булактарда маалыматтын аздыгы менен түшүндүрүлөт. Кыргыздар 16-кылымда эл болуп калыптанса да, алар андан кийин да уруулук структураны сактап кала беришкен. Көчмөндөрдүн негизги байлыгы жеке адамдардын менчиги болгон. Тарыхый булактар көрсөтүп тургандай, кыргыз коомунун феодал төбөлдөрү баардык аймактарга жеке кожоюндук кылуу укугун өздөрүнө таандык кылып алышкан. «Көчүп-конуп жүрүүчү жерлер бирөөнө атайын арналган жана ар бир уруу конуштар аттары боюнча белгилүү болушкан. Ар кимге бөлүнүп берилген жерлердин чек араларынан өтүүгө уруксат берилген эмес, өз аймактарында бири-бирине зыян кылууга тыюу салынган». Демек, бийлер кол алдындагы калктын көчүп-конуп жүрө турган чек араларын белгилеп, тигил же бул жайлоолорду пайдалануу тартибин көзөмөлдөп турган. Өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчик кыргыз коомун эки карама-каршы тапка: феодалдардын (бий, бай, баатыр) жана эксплуатациялагандардын (чарбадар, кедей, кул) табына бөлгөн. Муну чыгарманын тулкусунан даана байкоого болот.

Ал эми чарбачылык жагын айтсак Кыргызстандын географиялык шартына ылайыкталган айбанаттар-жылкылар, топоздор, койлор, эчкилер, тоолор жана бодо мал көп санда өстүрүлгөн. Көчмөн малчыныны күнүмдүк турмушунда да, согуш мезгилинде да атсыз элестетүү мүмкүн эмес. Негизинен, промысел түрүндөгү аңчылык кыргыздардын чарбачылык ишинде чоң маанилүү орунду ээлеген. Феодал ак сөөктөр үчүн аңчылык көңүл ачуу болгон, ал эми кедейлер үчүн ал көп учурда жашоонун бирден-бир каражаты да болгон. Соода жагын карасак Кыргызстанда акча-товар мамилеси начар өнүккөн. Тышкы базарларда жана келген соодагерлер менен соода негизинен алмашуу түрүндө болгон деген маалыматтар кезигет. Негизинен ошол учурдагы кыргыздардын өндүрүш чарбаларынын өнүкпөй бир калыпта турушуна калмактардын улам-улам кол салуулары түрткү болсо керек. Бул реалдуулук чыгармада диалогодордо жана автордук баяндоолордо өтө элестүү жана көркөм ачылып берилген.

Жыйынтыктап айтканда, «Хан Тейиш» романынын негизги булагы тарых болгон, андыктан бул чыгармада ойдон чыгаруулар жокко эсе. А.Стамовдун тарыхый окуяларды таасын баяндаган чыгарма жазганына күбө болдук, бул жазуучунун кыргыз элинин тарыхын жана басып өткөн жолун мыкты билген дегендикке жатат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

**Көркөм тексттер:**

1. Стамов А. «Хан Тейиш». Б.,2012.

**Илимий-изилдөө материалдары:**

1. Садыков А. Кыргыз залкарлары, 6-том –Б.:2012.
2. Стамов А. Хан Тейишке чейинки жол //Кыргыз Туусу–2009, 30-июнь. №48
3. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (эн байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2016. 604 – б.
4. Закиров С. Кыргыз Санжырасы – Б.:1996.
5. Сыдыкова К. Кыргыз тарыхы – Б.:2011.
6. Осмонов О. Көкүм бий //Эркин Тоо – 2003, 19-26-29-август.
7. Мамат Болот Тарыхый окуяларды таасын баяндаган роман //Кыргыз Туусу – 2010, 2-февраль, №7.
8. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы 1-китеп – Б.:1993.
9. Кыргыз республикасынын Илимдер академиясынын кабарлары. Коомдук илимдер журналы – 1991, №4, 61-68-б.
10. ИманалиевК. Кыргыз санжырасы – Б.:1995.
11. Кыргызстан. Историко-культурный атлас. –2000; Кыргызстан тарыхы боюнча орто мектептин 7-10-класстары үчүн окуу китептери –Б.:2012.
12. Кол жазма Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Инв. №156. 7-барак.
13. Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден 19-кылымдын соңуна чейинки тарыхы – Б.:1998.
14. Шапырашты Казыбек бек Тауасарулы Түрк тукумунан өзүмө чейин – Алматы.,1993.